**Кытай Илимдер Академиясынын профессорлору Компьютердик технологиялар жана жасалма интеллект институтунда Жасалма интеллект жана LLM боюнча лекция окушту**

Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Компьютердик технологиялар жана жасалма интеллект институтунда Кытай Эл Республикасынын Кытай Илимдер Академиясынын Синьцзян физика жана химиялык инженерия институтунун алдыңкы окумуштуулары – профессор Жун Чжан жана профессор Чжуй Донг конок лекцияларын өткөрүштү.

Аталган академиялык иш-чара институттун 3–4-курстарынын студенттери, магистранттары жана профессордук-окутуучулук курамы үчүн уюштурулуп, эки тараптуу илимий кызматташтыкты тереңдетүүгө жана жогорку технологиялар жаатындагы тажрыйба алмашууга багытталды.

Профессорлор жасалма интеллект архитектураларынын заманбап абалы жана чоң тил моделдерин (Large Language Models – LLM) иштеп чыгуу тенденциялары боюнча төмөнкү негизги багыттарда баяндама жасашты:

- Табигый тилди иштетүү (NLP) чөйрөсүндөгү заманбап ыкмалар, Transformer жана Attention механизмдери, ошондой эле миллиарддаган параметрлерге ээ болгон моделдерди оптималдаштыруу ыкмалары (fine-tuning, LoRA, RLHF).
- Көп тилдүү (multilingual) чоң тил моделдерин куруунун математикалык негиздери, тексттик жана визуалдык маалыматтарды бирдиктүү нейрон тармактарында синтездөө алгоритмдери.
- Жогорку өндүрүмдүү эсептөө кластерлеринде (HPC/GPU) моделдерди масштабдоо, машиналык окутуунун өндүрүштүк циклдериндеги (MLOps) этикалык жана техникалык көйгөйлөр.

Интерактивдүү форматта өткөн илимий дискуссияда изилдөөчүлөр нейрон тармактарынын эсептөө ресурстарын оптималдаштыруу ыкмалары, сапаттуу тил корпустарын түзүү парадигмалары жана чоң тил моделдерин жергиликтүү тилдерге ыңгайлаштыруунун прикладдык маселелери боюнча мазмундуу диалог жүргүзүштү.

Бул кызматташуу Компьютердик технологиялар жана жасалма интеллект институту менен Кытай Илимдер Академиясынын ортосундагы биргелешкен илимий изилдөөлөрдү, академиялык мобилдүүлүктү жана заманбап IT-адистерди даярдоо багытындагы стратегиялык өнөктөштүктү бекемдөөдөгү маанилүү кадам болуп калды.










01
Исследования и технический подход
Техническая схема: прикладные платформы
Многоязычный перевод и дубляж
Старинные тексты и сервисы знаний


На протяжении более 60 лет,
которого является Пэн Цзяму, —
постепенно превратился


наук, двумя
науки и техники,
премией.


технологий
Краткая презентация деятельности


